# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2012-жылдын ноябрь айы)*

Ноябрь айында биринчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча рынок катышуучулары тарабынан 199,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 26,6 пайызга төмөн. Сатуунун мындай төмөндөөсү, 2012-жылдын июнь айынан баштап жигердүү катышып келе жаткан институционалдык инвесторлордун кызыгуусунун артышына карабастан, коммерциялык банктар тарабынан жигердүүлүктүн басаңдашынан улам жүргөн (эки гана коммерциялык банк кызыгуусун билдирген). Канааттандырылган суроо-талап деңгээли 19,1 пайызга төмөндөп, 65,2 пайызы түзгөн. Мында баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 15,0 пайызды түзүү менен 1,3 пайыздык пунктка жогорулаган. МКОлор боюнча кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан мамлекеттик кагаздардын бул түрүнө көпчүлүк банктардын кызыгуусу алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүү мүнөзүн эске алганда, салыштырмалуу анча жогору эмес бойдон калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Ноябрь айында жүгүртүүдөгү МКО көлөмү ай ичинде 4,6 пайызга жогорулоо менен 4,6 млрд. сомго жеткен. Мында институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 1,6 пайыздык пунктка (45,6 пайызга чейин) жогорулоосу байкалып, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 3,0 пайызга төмөндөп, 54,3 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттер үчүн мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлинде орун алган.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу[1] индекси 0,48 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин тастыктап, рынокто бирдей үлүшкө ээ эки инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынган мезгил аралыгында экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

[1] Бул индекс баалуу кагаздардын банктар портфелинде концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелинет жана көрсөткүчтүн жалпы көлөмүндө салыштырмалуу салмактын квадрат суммасы катары берилет. Индекстин мүмкүн болуучу мааниси 0дон 1ге чейинки интервалда орун алат. 0,10дон төмөн маанидеги индекс концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – орточо деңгээлине, ал эми 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалы, 0,50гө барабар болгон концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б.у.с. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Жетинин айы'2011 | 3 056 703,0 | 500 940,7 | 16,4% | 1 881 130,5 | 61,5% | 671 484,6 | 22,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бештин айы | 3 035 970,0 | 0,0 | 0,0% | 1 857 228,9 | 61,2% | 1 175 593,9 | 38,7% | 3 105,2 | 0,1% |
| Үчтүн айы'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бирдин айы | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Жалган куран | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Чын куран | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бугу | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Кулжа | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Теке | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Баш оона | 3 936 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Аяк оона | 4 092 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Тогуздун айы | 4 362 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |
| Жетинин айы | 4 561 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |